**“Курбуларыңызды чакырып, бонустарды алыңыз” акциясы**

**“Компаньон” мобилдик тиркемесинин колдонуучулары үчүн**

| 1.АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| **1.1.** | **Акциянын уюштуруучусу** | “Компаньон Банкы” ЖАК (кийинкиде Банк) |
| **1.2.** | **Акцияны өткөрүү мезгили жана этаптары** | Акциянын башталуу мезгили: **2026-жылдын 31-марты**<br>Акциянын аяктоо мөөнөтү: **2026-жылдын 30-июну**<br><br>*Акция белгиленген мөөнөттүн аягына чейин же болбосо 18 000 000 сомго барабар болгон байге фонду аягына чыкмайынча уланат.*<br><br>*Утуш боюнча салык төлөө милдеттери Уюштуруучуга жүктөлгөн.* |
| **1.3.** | **Акциянын түрү** | Акция стимул берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустук (кокустан тандоо алгоритми) принциби четке кагылган. |
| **1.4.** | **Акциянын катышуучулары** | • Акцияга жашы 16 толгон бардык физикалык жактар катыша алат – Кыргыз Республикасынын жарандары жана резидент эмес жактар.<br>• Акцияга Банктын кызматкерлери - алардын ичинде промоутерлер, стажерлор, банктын кызматкери катары эсептелген декреттик эргүүдөгүлөр жана алардын жакын туугандары (жубайлары, балдары, ата-энелери, ага жана сиңдилери) акцияга катыша алат жана бир берилүүчү сыйлыктарды ала алышат. Бирок айлык же финалдык этаптарда жеңүүчү болуп табыла албайт.<br>• Банктын Агенттери физикалык жакка арналган тиркеме аркылууу акцияга катыша алат.<br>• Банктын кызмат адамдары, анын ичинде негизги кызмат ордун ээлегендер жана Банктын Мүдүрлөр Кеңешинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери акцияга катыша албайт. Алардын жакын туугандары акцияга катыша алышат жана бир берилүүчү сыйлыкты ала алышат. Бирок айлык жана финалдык этаптардын жеңүүчүсү боло алышпайт. |
| | | |
| **2. КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| **2.1.** | **Акциянын шарттары жана сыйлоо тартиби** | Акциянын шарттары<br><br>• Акцияга катышуу үчүн реферер “Компаньон” МТ жаңы колдонуучуларды чакыруунун астында өзү идентификациядан өткөн мобилдик тиркеменин колдонуучусу болушу керек.<br>• Реферер бардык жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу (мессенджерлер, социалдык тармактар ж.б. жолдор) потенциалдуу колдонуучуга шилтемени жөнөтөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Реферал төмөнкү аракеттерди аткарышы керек:<br><br>рефералдык шилтеме аркылуу "Компаньон" МТ жүктөө;<br><br>акция мезгилинде тиркемеде ийгиликтүү идентификациядан өтүү.<br><br>Сыйлыкты чегерүү тартиби:<br><br>• Реферер анын шилтемеси аркылуу өтүп, "Компаньон" мобилдик тиркемесинин колдонуучусу болуп ийгиликтүү катталган жана акция учурунда идентификациядан өткөн ар бир жаңы колдонуучу үчүн 50 (элүү) сом алат. Акча "Компаньон" МТ балансына чегерилет.<br>• Реферал рефералдык шилтеме аркылуу өтүп, "Компаньон" МТ жүктөп жана ийгиликтүү идентификациядан өткөндөгү үчүн 50 (элүү) сом алат.<br><br>Сыйлык:<br><br>• автоматтык түрдө чегерилет;<br>• реферал идентификациядан ийгиликтүү өткөндөн кийин чегерилет;<br>• акциянын бардык шарттарын сактаган учурда төлөнүп берилет.<br>• Бир реферал сыйлыкты бир гана жолу ала алат.<br>• Сыйлыкты чегерүү маалында катышуучу "Компаньон" МТ колдонуучусу болушу керек.<br>• Эгер катышуучу "Компаньон" МТ катталган телефон номерин алмаштырса, чегерилген сыйлык сакталат. |
| **2.2.** | **Акциянын байгелери** | Сыйлык: 50 сом рефererге, 50 сом рефералга. |
| **2.3.** | **Акциянын мөөнөтү жана шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү** | Банк акцияны өткөрүү тартибине (токтотуп коюу же узартуу) жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүү киргизүүгө укуктуу. Эгер өзгөртүүлөрдү киргизген учурда Банк кардарларды расмий сайты аркылуу маалымдоого милдеттүү. |

**ТЕРМИНДЕР ЖАНА АЛАРДЫН АНЫКТАЛЫШЫ**

**Реферер** — идентификациядан өткөн жана рефералдык шилтеме аркылуу "Компаньон" мобилдик тиркемесине (кийинкиде "Компаньон" МТ) жаңы колдонуучуларды алып келген мобилдик тиркеменин колдонуучусу.

**Реферал** — акция мезгилинде биринчи жолу "Компаньон" МТ жүктөп, идентификациядан ийгиликтүү өткөн физикалык жак.

**Рефералдык шилтеме** — тиркеменин ар бир колдонуучусуна байланган жана "Компаньон" МТ жүктөөгө арналган уникалдык шилтеме.

**Жаңы колдонуучу** — буга чейин "Компаньон" МТ колдонуучусу болуп катталбаган жана идентификациядан акция учурунда өткөн жеке жак.

БАНК КОМПАНЬОН®